***Сакиева Сайипжамал Салайдиновна***
***педагогика илимдеринин доктору, доцент***
***Жалал-Абад мамлекеттик университети***

## СОВЕТБЕК БАЙГАЗИЕВДИН ТАРБИЯЧЫГА ЖЕТИ НАСААТЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЗ КАРАШТАР

***(«Педагогикалык руханиятка» таянуу менен)***

***Сакиева Сайипжамал Салайдиновна***
***доктор педагогических наук, доцент***
***Жалал-Абадский государственный университет***

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИДЕИ СОВЕТБЕКА БАЙГАЗИЕВА О СЕМИ НАСТАВЛЕНИЯХ

***(с опорой на «Педагогический руханият»)***

***Sakieva Sayipzhamal Salaydinovna***
***doctor of pedagogical sciences, docent***
***Department of Jalal-Abad State University***

## SOVETBEK BAYGAZIEVA TUTOR SEVEN DISCOURSE, PEDAGOGICAL APPROACHES

***(«Pedagogical spirituality» by reference)***

***Аннотация:*** *Макалада Советбек Байгазиевдин «Педагогикалык руханият» деген илимий-педагогикалык эмгегиндеги тарбиячыга жети насааты жөнүндө сөз болот. Макаланын мазмунун белгилүү окумуштуу-педагогдун учурдагы тарбияга арналган насааттарынын сунуштары каралган. Жети насааттын мазмунун ачуудагы автордун негизги идеясы учурдагы жаштарды тарбиялоодо кыргыз элинин улуу инсандарынын педагогикалык, философиялык ойлорун колдонуу менен аларды ишке ашыруунун жолдору сунушталган.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются идеи труда Советбека Байгазиева «Педагогический руханият» в научно-педагогической работы, была напоминанием о семи наставлениях педагогу. Текущее содержание статьи ученого-преподавателя составляют предложения по воспитанию. Семи основных идей автора, рекомендованы пути реализации использования их в воспитании молодежи с опорой на педагогические и философские мысли великих деятелей кыргызского народа.*

***Annotation:*** *The article discusses Sovetbek Sovetbek Baygazieva «Educational Spirituality» in scientific and pedagogical work, was a reminder of the seven teacher instruction. The current contents of the article the teacher-scholar reminders and suggestions for correction. Seven main idea of the author, the current contents of the instructions for the preparation of the youth of the great figures of the Kyrgyz people, pedagogical and philosophical thought, and recommended ways to implement them.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *педагогикалык руханият, тарбиячыга жети насаат, педагогикалык ойлор, философиялык көз караштар, инсандык калыптануу, патриотизмге*

*кайтуу, Ата Журтка кайтуу, Асан Кайгынын философиясы, эне тилге кайтып келүү, Ажыбайдын филофоиясы.*

***Ключевые слова:*** *педагогическая духовность, педагог и семь наставлений, преподавание идеи и философские подходы, развитие личности и возвращение к патриотизму, философии Асан Кайгы возвращения к репатриации и к своему родному языку, философии Ажыбая, возвращения к национальному достоинству, и Богу.*

***Key words:*** *Spirituality Teacher, teacher and seven teaching, teaching ideas and philosophical approaches, personal development and a return to patriotism, philosophy Asan Sadness return to the repatriation and return to his native language, philosophy Azhybaya, return to the national dignity, and return to God.*

Советбек Байгазиев деген ысым кыргыз педагогикасында тээ өткөн кылымдын 80-жылдарынан бери эле таанылып келатат. Окумуштуу өзүнүн ар тараптуу ишмердүүлүгү менен адегенде, балдар адабияты жаатында татынакай аңгемелери менен («Менин боз торгоюм») «жылт» деп бир көрүнүп, андан соң, публицистикада («Иниме кат», «Атуул жана Ата Журт», «Инсандын ич жактан жаңылануусунун зарылдыгы», «Чыңгызга карышкырдан кат» ж.б.), адабият таануу менен адабий сында («Калем изи», «Жаңы конфликтер жана мүнөздөр», «ХХ кылымдагы Кыргыз драматургиясынын тарыхы», «Жусуп жана Мукай», «Кыргыз Совет адабиятынын 2 томдук тарыхы (авторлош), «Кыргыз адабияты: талдоолор жана ой жүгүртүүлөр» ж.б.), андан соң 1990-жылдардын башынан тартып педагогика-методикада («Кыргыз тили-адабияты окуу китептерине коюлуучу дидактикалык талаптар», «Кыргыз адабияты: концепциясы, стандарты, окуу программасы», «Ала-Тоодогу агартуунун тарыхы: XVII кылымдан 17-жылга чейин», «Авторитардык педагогикадан гумандуу педагогикага карай», «Азыркы мектептеги тарбиянын максаты, мазмуну жана технологиясы», ж.б.) соңку жылдарда этика жаатындагы бир топ («Кыргыздын улуу акындарынын этикасы жана педагогикасы», «Ата Мекендик жана дүйнөлүк этика» ж.б.) деген эмгектери менен тааныта алды. Ал эми окумуштуунун эмгектеринен айрым бөлүктөрү окутуунун жана тарбиялоонун теориялык жана практикалык бөлүгүнө арналып келе жатат. Окумуштуунун «Педагогикалык руханият» (Бишкек, 2008) деген аталыштагы илимий-педагогикалык басылмасы, андагы козголгон маселелер ушул багытты тандагандыгы байкалат. Эмгектин мазмунунун тематикасы көп кырдуу маселелерди камтыган. Биздин макаланын мазмунун эмгектеги тарбиячыга арналган жети насаат, анын мазмуну жөнүндө кеп козголот.

Тарбиячыга арналган окумуштуунун бул проблеманы кайсыл жолдор менен чечүү керектиги, аларды ишке ашыруучу ой толгоолорунун практикалык маселелерине басым жасалат. Тарбиячыга биринчи насааттын мазмуну «Ата Журтка кайтып келүү» идеясынын мазмуну чечмеленген. Ата Журтка кайтып келүүдө эң алгач Ата Мекенди сүйүү, Ала-Тоону жана Манастын мекенин сүйүү, аларды көздүн карегиндей сактоо идеясы башкы планга коюлган. Ата Журтту сүйүүнү «Алиппени» окутуудан башталары каралат. Ата Журтка кайтууну окумуштуу кыргыздын боз үйүнө салыштыруу менен талдаган. Түндүктү тиреп көтөрүп турган ууктар, түндүк менен ууктар бирикпесе боз үй кыйрагандай, атуулдар бирикпесе Ата Журтка кайтып келип биригүү татаал экендиги баса белгиленет. Демек, ар бир атуул «уугунун» башы «түндүк идеяга» барып бекемделсе, Ата Журтка кайтуу ишке ашмак деген баалуу насааттар айтылган.

Экинчи насаат Манас менен Кошойдун патриотизмине кайтып келүүгө арналган. Биринчи насаатта Кыргыз мамлекетинин туу-

сун бириктирүү үчүн тууга биригүү керектиги баса белгиленсе, ал эми экинчи насаатта бул идеяларды ишке ашырууда Манас жана Кошойдун патриотизмине кайтып келүү сунушталган. Демек, бул идеяларды билим берүү жана тарбиялоодо улуттук маданиятты үйрөнүү инсандык сапаттарды калыптандырууда рухий казынабыз жардамга келери, аларды тажрыйбада колдонуу менен ишке ашырала тургандыгы ачык эмеспи. Ал биринчи иретте улуу Манас атабыздын жана Кошой бабабыздын жана башка баатырларыбыздын патриоттук керемет өрнөктөрү болуп саналат. Айкөл Манас атабыздын: «Калың кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин», Кошой бабабыздын: «Үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы, жоголгон жокту табалы, азган-толгон аз элге, о, балдар караан болуп туралы» деген сөздөрүнө кайтуу менен улуттук патриотизмди улантуу маселесин көтөргөн. Ушул идеялар окумуштуунун пикири боюнча, биздин бүгүнкү жараандарыбыз Манас менен Кошойдун дал ушул патриотизминин духунда кайра жаралуулары абзел экендигин белгилөө менен биздин ар бирибиздин жан дүйнөбүздө Манас менен Кошойдун руху отурганда гана эгемендүү Кыргызстаныбызга бекем тирек болуп бере алабыз деген таасын ойлору менен тастыктай алган.

Тарбиячыга насааттын үчүнчү бөлүгү Кыргыз ойчулдары Асан Кайгы менен Кожожаштын философиясына кайтып келүүгө арналган. Тарбиячыга насаатын бул бөлүгү экологиялык тарбияга багытталгандыгы байкалат. Кожожош мекен жөнүндөгү эпосту, Асан Кайгынын чыгармалардагы жаратылышты аёо, аны коргоо маселесин колго алуу белгиленет. Табияттын мыйзамдарын таанып билип, үйрөнүп, ошол жаратылыш мыйзамдарына ылайык өзүн алып жүрүүнү окумуштуу баса белгилейт. Ал эми бул мыйзамды аткарууну биздин ата-бабаларыбыз байыркы убакта эле түшүнүп, аны ишке ашырып келген. «Кожожаш» эпосундагы мергенчи менен табияттын эрегишкендиги үчүн мелжиген аскада калып катуу жазаланат. Кожожаш мерген аркылуу ата-бабаларыбыздын табиятка кыянаттык кылууга болбой тургандыгын, тескерисинче, табият менен таттуу мамиледе, ынтымакта, биримдикте жашоо керек деген философияны колго алуу замандын талабы экендиги белгиленген.

«Кожожаштын» философиясынан кийинки акылман Асан Кайгынын гуманизми бул ойлорду тастыктап турат. Улуу ойчул Асан Кайгы ар бир жаныбардын бул дүйнөгө жаралып калгандыгы үчүн айыптуу эмес экенин туюнган. Асан Кайгы жарыкчылыкты жаныбарлардын көзү менен карап, жаныбарлардын жүрөгү менен суусап, тирүүлүккө кумарланган. «Куйругу жок, жалы жок, кулан байкуш кантти экен, же басарга буту жок, жылан байкуш кантти экен» деп, ар дайым жан-жаныбарлардын тагдырын ойлоп, убайым жеген. Асан Кайгынын философиясы – бул жаратылышты сүйүү, алар жөнүндө кам көрүү болуп саналган.

Азыркы жаштарды тарбиялоодо окумуштуу «Кожожаш» менен Асан Кайгынын философиясы жетишпегендигин баса белгилейт. Демек, бул ойчулдардын философиясына кайтуу биз үчүн абдан маанилүү. Себеби, кыргыздарда жаратылыш менен таттуу мамилде жашоо – бул ыйык салт. Ал эми учурда «Кожожаш» менен Асан Кайгынын философиясына кайрадан кайтып келүү – бул ыйык мекенибиздин экологиялык саламатчылыгынын оңолушунун жана кыргыз баласынын ата конушту жашыл арчадай жайкалтып, көк шибердей көйкөлтүп, бир боор Ала-Тоосу жана бүтүндөй табият менен кучакташып, жуурулушуп бакыбат жашоосунун булагы, ачкычы болмок деп жыйынтыктайт.

Төртүнчү насаат эне тилге кайтып келүүгө арналат. Улуттун улуулугу анын эне тилин

сактап, барктап өнүктүргөндүгүндө экендигин окумуштуу дагы бир ирет баса белгилейт. Эне тилге кайтып келүү – бул улуттун жүзү. Эне тилим - эне сүтүм деген сөздүн мааниси канчалык улук жана татаал. Бул ураан ар бир кыргыз атуулунун жүрөгүндө турушу абзел жана зарыл. Демек, окумуштуунун пикири боюнча эне тили биздин канжаныбыз менен бүткөн, боор эт менен тең, эч нерсе менен алмаштыргыс ыйык дөөлөт жана сыймык. Кыргыз тили – өз алдынча улут экенибиздин эң орчунду белгиси. Демек, эне тилди сүйүү, урматтоо, ыйык тутуу – эгемен Республикабыздын ар бир атуулунун нравалык жүрүм-турумунун башкы критерийлеринин бири болууга тийиш. Бул эрежелерди аткарууда учурда эне тилибиздин бөлүгүн сүйөмөлөп турганы болбосо, учурда эне тилинин тагдыры татаал бойдон калууда. Жөн гана жөнөкөй мисал. Республикабыздагы шаардык жана айылдык мектептерде атаэнелердин балдарын кыргыз класска бербей, орус классты карай жетелешин белгилөө жетиштүү деп ойлойбуз. Демек, эне тилге кайтуу, аларды өнүктүрүү өз жеринде гана колго алына турган жумуш экендигин окумуштуу баса белгилейт. Ошондуктан эне тилге кайтуу кыргыз атуулунун урааны болушу зарыл. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү – бул биздин атуулдук парзыбыз. Аны өнүктүрүү үчүн ар бирибиз баш отубуз менен киришип, биздин прогрессибиз эне тилге кайтып келүү аркылуу болууга тийиш, кыргыз тилин өнүктүрүү менен илимий прогресске жетүү ураанын көтөргөн ар бир атуулдун инсандык сапатын көтөрүүгө жетелейт.

Бешинчи насааттын мазмуну Ажыбайдын философиясына кайтууга арналат. Бул насааттын мазмуну төртүнчү насаатты толуктап тургандай. Себеби, кыргы тилин гана үйрөнбөстөн, көп тилди үйрөнүү учурдун талабы экендиги өзгөчө көрсөтүлөт. Окумуштуу бул насаатта көп тилдүүлүк маселесин козгогон. Манастагы Ажыбайдын философиясына кайтуу демилгесин көтөрөт. Көп тилдүүлүк философиясы биздин кыргыздын рух казынасында илгертен эле жашап келгендиги баса белгиленген. Буга мисал катарында Манас эпосундагы Ажыбай баатырдын көп тил билгендиги белгиленет. Ажыбай баатыр «Манаста»: «Кара тилин кайраган, калың топто сайраган, жетимиш түрдүү эл көргөн» – деп сүрөттөлөт. «Манаста» кыргыз элинин токсон түрдүү эл менен түзгөндүгү, ал эми Көкөтайдын ашына төгөрөктүн төрт бурчунан калк чогулгандыгы, биздин жергени аралап өткөн Улуу Жибек Жолу да кыргыз баласын алыстагы узун элдин учуна, кыска элдик кыйырына, алып баргандыгы талданат. Мындай эл аралык катнаштар тажрыйбасынан улам кыргыз эли көп тил билүүнү – эн маанилүү турмуштук зарылдык катары эсептеген. Ажыбай – кыргыз калкынын көп тилдүүлүк жөнүндөгү философиясын көтөрүп жүргөн каарман. Ал – калк аралык карым-катнаштын, диалогдун символу, калктардын өмүр казынасын өздөштүрүүнүн жол чырагы деп баалаган. Демек, учурда Ажыбайдын көп тилдүүлүк философиясын жандандырып, актуалдаштырып, аны жаңы технологиялар менен үйрөтүү аркылуу эне тилин байытуунун кенен жолу экендигине окумуштуу өзгөчө басым жасаган. Кош тилдүүлүк дайыма актуалдуу, ал улуттардын өз ара баарлашуусуна, пикир алмашуусуна чоң жол көрсөтө алат.

Тарбиячыга алтынчы насаат Улуттук арнамыска кайтып келүү, же кыргыз баласынын адеп-ахлагы европалыктарга кай жагынан таалым боло аларына арналат. Улуттук ар-намыс ар бирибиздин дилибизде калыптанып, толукталып туруусу зарылдык. Ал эми насааттын негизги мазмуну үгүт-насыят иштерин жүргүзүүнүн ыкмаларын колго алуу практикаланган. Бул насаатын негизги маңызы улуттук маданияттын намысын бекем орнотуу маанилүү экендиги баса белгиленет. Биз буларды өнүктүрүүдө өзүбүздүн гана

менталитетке тиешелүү болгон каада-салттарды, үрп-адаттарыбызды өнүктүрүү абзел экендигин окумуштуу өзгөчө белгилейт. Булар кыргыз жеринде, элинде гана өнүгөт, өркүндөйт деген баалуу сунуштар киргизилген.

Жетинчи насаат кудайга кайтып келүүгө арналат. Бул насаатта ислам түшүнүгүнүн ар бир инсан өз нугунда пайдалануусу зарыл экендиги баса белгиленет. Калк арасында, айрыкча жаштар ичинде ислам-ыйманынын духунда үгүт-насаат, тарбия иштерин жемиштүү, түшүмдүү болгудай даражада активдештирүү сунушталат. Үй-бүлөдө жана окуу жайларда исламдын ыймандык-адептик жол-жоболорун, насыяттарын иштеп чыгуу замандын талабына жараша жүргүзүүнүн жолдору каралган. Ал эми окумуштуу кыргыз баласына карата төмөнкү сунуштарды өзгөчө белгилейт: «Алга умтулуп бара жаткан кыргыз баласынын бир колунда компьютер, экинчи колунда улуу «Манас» жана куран болууга тийиш. Бир колундагы компьютер – дүйнөлүк алдынкы илим-билимдин, техниканын, экономиканын, прогресстин символу. Экинчи колундагы «Манас», куран – байыртадан уланып келаткан ата-баба салтынын, кыргыздын ордолуу, уюткулуу рухунун, дилинин жана дининин символу» –деп баса белгилейт. Кыргыз педагогикасында тарбиячыга жазылган мындай насааттар алгачкы жолу түзүлүшү бул – саамалык Жети насаат жаңы муундун өкүлдөрүнө карата түзүлгөндүгү байкалат. Окумуштуу насаатта кыргыз ойчулдарынын философиялык өңүттө караган жана сунуштаган. Демек, биз улуу эл, улутман калк, өзүбүздүн нарк-насилибиз атадан-балага, муундан-муунга өтүп келе жаткандыгын жаңы муундун өкүлдөрүнө түшүндүрүп, аларды сактап, пайдалануу атуулдук, инсандык парзыбыз экендигине басым жасаган..

Советбек Байгазиевдин тарбиячыга багыттаган жети насаатынын мазмунун терең, педагогикалык тажрыйбага мол экендигин баса белгилөөгө болот. Жети насааттын мазмунунун көп интеллектуалдык касиетке ээ экендиги байкалат. Биз жогоруда күбө болгондой, жети насааттын мазмунунун түзүлүшү кыргыз элинин буга чейинки тажрыйбасына таянуу менен түзүлгөндүгүн айткыбыз келет. Насааттын мазмунунун түзүлүшү учурдагы жаңы муунду тарбиялоого багытталган. Жогорудагы биз тарабынан анализденген ойлордо окумуштуунун Ата Журтка, Манас менен Кошойдун патриотизмине, Асан Кайгынын жана Кожожаштын философиясына, эне тилге, Ажыбайдын философиясына, улуттук ар намыска, же кыргыз баласынын адепахлагы европалыктарга кай жагынан таалим бере алат? Кудайга кайтып келүүгө арналган. Окумуштуу насаатта негизи кайтып келүү терминин көбүрөөк колдонулган. Демек, бул терминди колдонуу менен учурдагы жаштарга билим-тарбия берүүнүн философиясын ачып бере алгандыгы менен баалуу.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. Педагогикалык руханият. – Бишкек, 2008.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2015